**А.Жаманбаев атындагы толук эмес**

**орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында Усулдук кеңештин сентябрь айында өткөрүлгөн чогулушунун**

**№2 протоколу**

**29.09.2022**

**Чапай айылы**

**Катышканы -13 мугалим**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Мамлекеттик тилдин бир айлыгына карата иш- чаралардын өтүшү.
2. 5-класстардын жазуу иштеринин жыйынтыгы .
3. Олимпиадалык топтордун иш аракети.

1-маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты УБ жетечиси Мусапырова Г.

Мамлекеттик тилдин бир айлыгына карата иш план түзулүп. 23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнүнө карата 1 айлыктын алкагында көркөм окуу, дил баяндар, сүрөт, Манасчылар конкурсу жарыяланды жана ачык сабактар өтүлүүдө.

Кыргыз тили мугалими Жумалиева Ж. тарабынан «Кыргыз тили-биз үчүн бийик , Ала-Тоодой ар дайым бийик болгун"-деген темада адабий музыкалык кече өткөрдү. Манасчы, Семетейчи Жаңыбай Кожек уулунун 150 жылдыгына карата өмүрү чыгармачылыгы боюнча ачык саат, тегерек стол, " Манас айтуу" сынагы болуп өттү.

Ар бир класстарда мамлекеттик тил боюнча тарбиялык сабактар өтүлүп. Негизги максаты окуучулар өз эл жерин, мамлекеттик тилибиз- мамлекеттик тилди, ата- бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектеп, Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу, достукка ж.б тарбиялоо болду.

Ар бир улуттун негизги өзгөчүлүктөрүнүн бири, элдин элдүүлүгүн аныктаган бул анын- тили. Эгер улут тилин жоготсо, бара-бара элдүүлугун жоготот. Андыктан кыргыз тилинде сүйлөп эне тилдин өркүндөшүнө салым кошуу ар бир кыргыз атуулунун ыйык милдети экендигин мугалимдер өздөрүнүн сабактарында басым жасап айтып жатышты.

2-маселе боюнча сөз 5-класстардын I баскычтан II баскычка өткөндүгү ылайыкташуусу, алардын билим сапаты боюнча болду. Кыргыз тилинен жат жазуу алынды. 5 -класс 42,3% билим сапатын берди. Математикадан 5- класс 44,8. билим сапатын берген. Орус тилинен жат жазуунун жыйынтыгы 5- класс 33% . Негизги көйгөй айрым окуучулардын кол жазмалары өтө начар, тамгаларды элементи менен жазуудан, үндүүлөрдөн, катар келген үнсүздөрдөн, йоттошкон тамгалардан жана сөздөрдү ташымалдоодон кыйналышат.

. “Математика предмети 1-6-класска чейин окутулат. 7-9-класста “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.

8-9-класстарда “Технология” предметин окутуу мурунку жылдардагы окуу программасы боюнча ишке ашырылат.

7-класста “Технология” сабагы 1-жарым жылдыкта, ал эми “Көркөм өнөр” сабагы жумасына саттан окутулат.

“Информатика” предмети предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу-методикалык комплексине ылайык 5-6-7- жана 9-класстарда жумасына 1 сааттан. 8-класста 2 сааттан окутулат.

“Информатика” предмети санариптик сабаттуулуктун негиздерин, программалоо көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн окутулат.

Көркөм өнөр” жана “Музыка” предметтери 1-7-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга , окуу программаларына жана окуу методикалык комплекстерине ылайык окутулат.

7-класста “Көркөм өнөр” сабагынын 1 сааты “Биология” сабагына өткөрүлдү. Мектептин түрүнө, окутуу тилине жана менчик формасына карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык класстарында “Биология” сабагын синхрондоштуруу болду.

- “Информатика” боюнча 5-9-класстарда окуучулардын 25 же андан ашык болсо;

-“Англис тили” боюнча , ошондой эле орус тилдерин экинчи тил катары 1-9-класстарда окутууда окуучуладын саны 25 же андан ашык болсо,

3-маселе боюнча ОББ Солтоева З.К. төмөнкүлөргө токтолду:

Усулдук бирикменин жетекчилери 2022-2023- окуу жылына карата Усулдук бирикмеде аткарылуучу иштер боюнча талкуулап, жылдык , айлык иш пландарды түзүп, бекиттирүүнү сунуштады.

4-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчилери жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү боюнча сунуштарын айтышты.

-Кенжекулова А.-башталгыч класс мугалими, насаатчы- Сабралиева Ф.А.

-Рыскулова Ж.-башталгыч класс мугалими, насаатчы-Комурчиева К.

**Токтом**

1.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер канааттандырарлык деп табылсын.

2.УБ жетекчилер менен биргеликте мугалимдерге сааттар бөлүнуп берилсин, пландар түзүлүп, бекиттирилсин.

3.Ар бир усулдук бирикмеде жылдык пландар түзүлүп, бекиттирилсин.

4.Жогоруда сунушталган мугалимдер жаш мугалимдерге насаатчы болуп дайындалсын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө усулдук кеңештин жетекчиси Мусапырова Г.Ага милдеттендирилсин.

**Усулдук кеңештин төрайымы:** **Мусапырова Г.А.**

**Катчы:** **Жантаева Н.**